УДК: 371.3
DOI 10.33514/1694-7851-2022-4-94-98

**Сыдыкова Ч.Ж.**
ага окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
chynara84.kg@mail.ru
**Сыдыкова Ч.Ж.**
старший преподаватель
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
chynara84.kg@mail.ru
**Sydykova Ch.Zh.**
Senior Lecturer
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
chynara84.kg@mail.ru

# ЧЕТ ТИЛИН ОКУТУУДА САНАРИПТЕШТИРҮҮ ПРОЦЕССТЕРИ

# ПРОЦЕССЫ ЦИФРОВИЗАЦИИ В ОБУЧЕНИИ ИНОСТРАННОМУ ЯЗЫКУ

# DIGITALIZATION PROCESSES IN FOREIGN LANGUAGE TEACHING

**Аннотация**: Макалада чет тилин окутууда санариптештирүү маселелери каралат. Азыркы коом жаңы маалыматтардын чоң агымы жана ишмердүүлүктүн ар кандай чөйрөсүнө инновациялардын киргизилиши менен мүнөздөлөт, ал адамдан белгилүү бир билимди жана көндүмдөрдү – чыгармачылыкты жана чыгармачылык ой жүгүртүүнү талап кылат. Билим берүү системасы экономиканын жана эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн өсүшүн камсыз кыла турган санариптик доорго ишенимдүү өтүүнү камсыз кылууга тийиш. Билим берүү системасы санариптештирүү шартында адамдын ийгиликтүү жашоосу үчүн негизги билимдерди жана көндүмдөрдү түзөт.

**Негизги сөздөр**: санариптештирүү, онлайн, интернет, маалымат технологиялар, мотивация, заманбап ресурстары, компьютер, маалымат, чет тили, онлайн.

**Аннотация:** В статье рассматривается вопросы цифровизации в процессе обучения иностранному языку. Сегодняшнее общество характеризуется большим потоком новой информации и внедрением в различные сферы деятельности нововведений, что требует от человека определенных знаний и умений, в частности, креативности и творческого мышления. Система образования должна обеспечить уверенный переход в цифровую эпоху, которая обеспечит рост экономики и производительности труда. Система образования формирует у человека базовые знания и умения для успешного существования в условиях цифровизации.

**Ключевые слова**: цифровизация, онлайн, интернет, информационные технологии, мотивация, современные ресурсы, компьютер, информация, иностранный язык, онлайн.

**Annotation:** The article discusses the issues of digitalization in the process of teaching a foreign language. Today's society is characterized by a large flow of new information and the introduction of innovations into various fields of activity, which requires certain knowledge and skills from

a person, in particular, creativity and creative thinking. The education system should ensure a confident transition to the digital age, which will ensure economic growth and labor productivity. The education system forms a person's basic knowledge and skills for a successful existence in the conditions of digitalization.

**Keywords:** digitalization, online, Internet, information technology, motivation, modern resources, computer, information, foreign language, online.

2020-жыл дүйнө жүзү боюнча өзгөчө жылдардан болду жана трансформация процесстери адам жашоосунун бардык тармактарына таасирин тийгизди. Биринчи кезекте, билим берүү тутумуна чоң таасирин тийгизди. Онлайн окутуу мугалимдин жаңы кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу жана өнүктүрүү үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү берди жана балдарга көп сандагы интерактив аркылуу билим берүүнү сунуш кылды [2].

Жаңы маалыматтык технологиялардын тез өнүгүшү жана алардын өлкөбүзгө киргизилиши окуучулардын инсандыгын калыптандырууда өз изин калтырдууда. Бүгүнкү күндө салттуу “мугалим-окуучу-окуу китеп” схемасына жаңы алмашуу – компьютер киргизилип, мектептин окуу программасына компьютердик окутуу киргизилүүдө. Билим берүүнү маалыматташтыруунун негизги бөлүктөрүнүн бири билим берүү дисциплиналарында маалыматтык технологияларды колдонуу болуп саналат[4].

**Бул макаланын максаты** санариптик билим берүү ресурстарынын жардамы менен чет тилдерди өздөштүрүү чөйрөсүндө өз алдынча билим берүүнүн мисалында интернет тармагынын жардамы менен маалыматтык билим берүүнүн өзгөчөлүктөрүн көрсөтүү болуп саналат.

Каралып жаткан көйгөй билим берүүнүн тездик менен жайылтылып жаткан диверсификациясына байланыштуу **актуалдуу** саналат, ал жалпы максаттарды иштеп чыгууга болгон талапты жогорулатат. Бул учурда кесиптердин ааламдашуу процесси жана көп маданияттуу чөйрөдө жана трансулуттук корпорацияларда иштөөгө даярдалган жождордун бүтүрүүчүлөрүнө суроо-талаптын күчөшү чоң мааниге ээ.

Коронавирустук пандемия өлкөнүн билим берүү мекемелерин активдүү санариптештирүүгө түрткү берди жана билим берүү программалары, университеттин маалыматтык-билим берүү чөйрөсүн жана онлайн билим берүү ошондой эле бардык окутуунун багыттарын, анын ичинде чет тилин үйрөнүү ресурстарын (онлайн кызматтар) колдонууга мажбур кылды [2]. Билим берүүнү санариптештирүү маалыматтарды тез издөөгө, жетишкендиктерди активдүү колдонууга, дуйнөлук жана ата мекендик илимди жана өзүн-өзү тарбиялоого жана студенттердин өзүн-өзү өнүктүрүүсүнө болгон билим берүү процесстерин интенсивдештирүүгө мүмкүнчүлүк берет жана жаңы билимди өз алдынча өздөштүрүүгө жана сын көз менен талдоого, ар кандай шарттарга ыңгайлашууга жөндөмдүү инсандын калыптанышына салым кошот [4].

Мектептик билим берүүнү жаңылоо биринчи кезекте анын мазмунун жаңылоону билдирет. Буга байланыштуу окуучулардын жеке чыгармачылык потенциалын өнүктүрүүгө шарттарды түзүүгө жана тереңдетип, анын ичинде тилге билим берүү мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө өзгөчө көңүл бурулууда.

Интернет заманбап реалдуулуктун ажырагыс бөлүгү болуп калды. Интернет англис тилин үйрөнүүгө жардам бере алат, анткени маалымат технологияларды колдонуу чет тилин үйрөнүүчүлөргө чет тилинде тексттерди колдонуу, угуу жана эне тилинде сүйлөгөндөр менен баарлашуу үчүн уникалдуу мүмкүнчүлүк түзөт, башкача айтканда, табигый тил

чөйрөсүн түзөт. Интернет ар кандай идеялар жана көнүгүүлөр менен сабактарды байытууга мүмкүндүк берген көп сандагы кошумча материалдарды пайдаланууга мүмкүндүк берет [6].

Жаңы маалыматтык технологиялар окуучуларды өзүнө тартып, алардын негизги кызыкчылыктарынын бири болгондуктан, аларды окуу процессинде колдонуу позитивдүү мотивацияны калыптандырууга салым кошо алат деп болжолдонууда. Окуу процессинде санариптик билим берүү ресурстарын колдонуу методикалык каражаттардын жана ыкмалардын арсеналын байытууга, иштин формаларын диверсификациялоого мүмкүндүк берет, сабакты окуучулар үчүн кызыктуу жана эсте каларлык кылат [5].

Эгерде студенттердин чет тилин үйрөнүүгө кызыгуусу пайда болсо, бул аларга маданият аралык диалогдорго катышууга мүмкүндүк берет. Ал эми маданият материалдары менен таанышуу ой жүгүртүү мотивациянын ойгонуусуна шарт түзөт, башкача айтканда, мектеп окуучулары белгисиз фактылар менен таанышып, алардан жаңы нерселерди үйрөнүүгө кызыгуусун ойгото тургандыгы талашсыз. Мектеп окуучуларынын талаптарын эске алуу менен окуу процессин жүргүзүү өзгөчө натыйжа берет [5]. Ошондуктан, макаланын алдыңкы педагогикалык идеясы төмөнкүдөй натыйжаларга жетишүү үчүн англис тили сабагында санариптик технологияларды киргизүү аркылуу студенттердин таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү: предметке болгон кызыгууну жана оң динамикасын жогорулатуу, окуучулардын билим сапатын; сабактын тыгыздыгын жогорулатуу, практикалык көндүмдөрдү ишке ашыруу үчүн шарттарды түзүү; окуучуларды ар тараптуу өнүктүрүү боюнча системалуу иш жүргүзүү болуп саналат.

Англис тилинде коп колдолулган санариптик билим берүү ресурстары:

Студенттердин тил көндүмдөрүн жогорулатуу үчүн заманбап чет тили мугалимдери окуучуларынын талаптарын канааттандыруу үчүн көптөгөн ыкмаларды жана методдорду колдонууга аракет кылышат. Чет тили сабагында окуу куралы катары жалпыга маалымдоо каражаттарын колдонуу бардык деңгээлдерде кыйла өстү. Басма маалымат каражаттары студенттеринин тил көндүмдөрүн жайылтууда маанилүү роль ойнойт. Гезиттер жана журналдар эң кеңири колдонулган маалымат каражаттары болуп саналат жана алар англис тилин үйрөнүү үчүн чыныгы материалдар катары колдонула турган чексиз маалымат менен окуу планын кеңейтет.

1) Чет тили сабагында колдонууга мүмкүн болгон журналдар:

1. FluentU https://www.fluentu.com/blog/english/learn-english-magazine/

Чет тилин окутууда бул онлайн журнал сөзсүз түрдө студенттерди окуу процессине тартуу үчүн интерактивдүү курал катары кызмат кылат. Журналда өспүрүмдөр кызыккан ар кандай бөлүмдөр бар – дүйнө жүзү боюнча жашоо, спорт, көңүл ачуу, мода, илим жана технология, музыка, китептер. Тил деңгээли ар бир макалада көрсөтүлгөн.

2. National geographic for Geography Lovers https://www.nationalgeographic.com/

Бул журнал 1888-жылдан бери чыгып келе жатат. Анда негизинен география, илим, тарых жана дүйнөлүк маданият боюнча макалалар камтылган. Анын тили бир аз татаал, андыктан бул ресурс Upper-intermediate же жогорку деңгээлдеги студенттер үчүн гана ылайыктуу. Макалалардан тышкары, сиз жаратылыш сүрөттөрүнүн жана видеолорунун чоң коллекциясын таба аласыз.

3. People https://people.com/

Эгерде сиздин студентерриниз атактуулардын жашоосуна кызыкса, бул журнал алар үчүн эң жакшы ресурс болуп эсептелинет. Бул жерден белгилүү инсандардын жеке жашоосу тууралуу маалыматтарды таба аласыз. Журналдын эң кызыктуу бөлүмдөрүнүн бири - Royals,

анда королдук үй-бүлөлөр тууралуу кызыктуу жаңылыктарды окуй аласыз. Макалалар Pre-intermediate менен баштап, ар кандай деңгээлдер үчүн ылайыктуу болушу мүмкүн.

2) Окутулуп жаткан тилде фильмдерди көрүү:

Кино көрүү студенттерге мотивация берет, анткени бул алардын күнүмдүк жашоосунун ажырагыс бөлүгү (мисалы, YouTube же Vimeo көрүү). Англис тили Интернетте тараган тасмалардын жана кыска видеолордун көпчүлүгүндө баарлашуу каражаты болуп саналат, андыктан студенттер аларды окуу программанын бир бөлүгү катары класста көрүүгө кызыкдар. Бул үчүн интернетте коптогон сайттар бар, мисалга алсак: https://www.fluentu.com/blog/educator-english/esl-short-films-lessons/

1. Teach with movies https://teachwithmovies.org/

Бул жерден чет тилиндеги фльмдерди гана таппастан, сабактын планынын фрагментинин функцияларын да тапса болот. Ошондой эле эң мыкты темаларда жүздөгөн тасмаларды табуу мүмкүнчүлүгү бар.

2. Learn English trough movies. https://ejoy-english.com/blog/top-15-must-watch-english-movies-for-beginners/

Бул сайттан студенттерге туура келген Netflixтен тасмаларын табууга мүмкүн, анткени бул алдыңкы кино жаатындагы сайттардын бири жана андан да маанилүүсү, чет тилин үйрөнүү аябай ыңгайлуу. Бул сайтта 16 тасманын жана сериалдардын тизмеси бар.

3. English Dom https://www.englishdom.com/blog/kak-izuchat-anglijskij-po-serialam-i-filmam/

English Dom сайтынан түрдүү жанрдагы көп сандагы фильмдерди табууга болот. Каталогдо классикалык тасмалар да, акыркы жаңы фильмдер да бар. Фильмдердин диапазону күн сайын жаңыланып турат. Бардык тасмалар эң сонун сапатта жана жарнамасыз. Бул англис тилин үйрөнүү үчүн да, көңүл ачуу үчүн да жакшы сайттардын бири.

3) Электрондук методикалык материалдар (сабактардын иштелмеси, чет тилин окутуу боюнча усулдук көрсөтмөлөр, тесттер жана башка контролдук материалдар);

Билим берүү веб-ресурстары – бул билим берүүнүн белгилүү деңгээлинде жана белгилүү бир предметтик чөйрөдө окуу процессинде (окуу жана окуу-методикалык материалдар) пайдалануу үчүн атайын түзүлгөн, ошондой эле билим берүү системасын, билим берүү мекемелеринин ишин маалыматтык камсыздоого арналган ресурстар. Заманбап веб-ресурстар тексттик, графикалык жана мультимедиялык маалыматты колдонууга шарттарды түзөт. Бул форматтардын айкалышы студенттердин материалды кабыл алуу жана өздөштүрүү сапатын жогорулатуучу билим берүүчү медиа продуктыларды иштеп чыгууга мүмкүндүк берет. Ошону менен бирге, окуу процессин максималдуу оптималдаштыруу мугалимден өзүнүн кесиптик ишмердигинде программалык камсыздоонун кеңири спектрин камтуу үчүн билимге жана көндүмгө ээ болушун талап кылат.

1. English Learner https://www.englishlearner.com/

Бул сайт грамматика, окуу, лексика жана угуу боюнча көнүгүүлөрдүн жардамы менен англис тилин онлайн үйрөнүүгө жардам берет.

2. Learn English Kids https://learnenglishkids.britishcouncil.org/reading-practice/nowruz-email

LearnEnglish Kids англис тилин үйрөтүү боюнча дүйнөлүк эксперттер тарабынан сунушталат. Бизде көптөгөн бекер онлайн оюндар, ырлар, окуялар жана балдар үчүн иш-чаралар бар. Ата-энелер үчүн бизде балдардын англис тилин үйрөнүүсүнө колдоо көрсөтүү боюнча макалалар, англис тилин үйдө колдонуу боюнча видеолор жана балаңыз үчүн англис тили курстары тууралуу маалымат бар.

3. World Wall https://wordwall.net/resource/13635868/10-past-simple-questions

Wordwall.net мугалимдерге окуучулары үчүн интерактивдүү оюндарды жана басма материалдарды түзүүгө мүмкүндүк берет. Мугалимдердин жашоосун жеңилдетүү жана окуучулардын билимин жакшыртуу үчүн эң жакшы сайт. Бул сайттан даяр презентация, сабактар үчүн видеолорду табууга болот.

4. Islcollectivehttps://en.islcollective.com/english-esl-worksheets/search/past+simple?material-type=games

Бул сайттан окуу материалдарын акысыз жүктөсө болот. Темалар боюнча даяр көнүгүүлөрдү, оюндарды, кроссворддорду ж.б. материалдарды табууга мүмкүн.

Жыйынтыктап айта турган болсок чет тилин окутууда заманбап ресурстарды колдонуу билим берүүнүн натыйжалуулугун жана сапатын жогорулатуу, заманбап окуу максаттарына басым жасоо, окуучулардын окууга болгон мотивациясын жогорулатуу, ар кандай иш-чаралар үчүн өз ара байланышта окутууну колдонуу, аймактык аспектти эске алуу,жекече мамилени ишке ашыруу, мугалим менен окуучунун өз ара аракеттенүүсүнүн мүнөзүн өзгөртүү, окуучулардын билимин объективдүү баалоо, мугалимдин ишин жеңилдетүү үчүн жардам бере алат.

Компьютерди колдонуунун бардык жакшы жактарын белгилөө менен, эч бир жаңы маалыматтык технологиялар мугалимди сабакта алмаштыра албасын баса белгилеп кетүү керек. Мугалим гана өзүнүн жогорку кесипкөйлүгү менен класста психологиялык жактан ыңгайлуу атмосфераны түзө алат. Окуучуларга шык-жөндөмдүүлүктөрүн практикалоо үчүн үлгү катары мугалимди эч ким алмаштыра албайт, класста жуп, топтордо иштөөгө альтернатива жок.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Андреев А.А. Роль и проблемы преподавателя в среде e-Learning // Высшее образование в России. – 2010. – №8–9.
2. Зенков А.Р. Образование в условиях пандемии: возможности и ограничения цифрового обучения DOI: 10.20542/afij-2020-3-51-64 УДК: 371.3+316.344 Размещено в РИНЦ https://www.afjournal.ru/index.php?page_id=320
3. Марей А. Цифровизация как изменение парадигмы [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://www.bcg.com/ru-ru/about/bcg-review/digitalization.aspx (дата обращения: 24.11.2019)
4. Митюн, М. А. Преподавание иностранного языка в эпоху цифровизации / М. А. Митюн. – Текст : непосредственный // Молодой ученый. – 2021. – №24(366). – С. 340–342. – URL: https://moluch.ru/archive/366/82218/ (дата обращения: 25.03.2022).
5. Серостанова Н.Н., Чопорова Е.И. современные технологии преподавания иностранных языков в эпоху цифровизации образования // Современные проблемы науки и образования. – 2020. – № 6.

URL: http://www.science-education.ru/ru/article/view?id=30254 (дата обращения: 18.05.2021).

6. Цифровизация [Электронный ресурс] // Викисловарь. — Режим доступа: https://ru.wiktionary.org/ wiki/цифровизация (дата обращения: 25.11.2019).
7. Шитикова Татьяна Цифровая среда для учителей английского языка «УРОК.РФ: группа для участников конкурсов» Россия, Оренбургская обл., Оренбург https://урок.рф/library/tcifrovaya_sreda_dlya_uchitelej_anglijskogo_yazika_194838.html


**Рецензент: пед. илим. док., проф. Сартбекова Н.К.**